БАНК КОМПАНЬОН®

БЕКИТИЛДИ
«Компаньон Банкы»
ЖАКынын
акционерлеринин жалпы
жыйынында

Жыйындын Төрагасы
28-март 2024-жыл

**«Компаньон Банкы» Жабык акционердик коомунун**

Директорлор кеңеши тууралуу жобосу

**Бишкек ш., 2024-ж.**

## 1. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

1.1. «Компаньон Банкы» Жабык акционердик коомунун Директорлор кеңеши тууралуу бул жобосу (мындан ары - Жобо) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, «Компаньон Банкы» Жабык акционердик коомунун (мындан ары – Банк) Уставына жана Банктын локалдык ченемдик актыларына ылайык иштелип чыккан.

1.2. Бул Жобо Банктын Директорлор кеңешинин статусун, курамын, функцияларын, компетенциясын, ыйгарым укуктарын жана ишмердүүлүк тартибин аныктайт.

1.3. Банктын Директорлор кеңеши – Банктын коллегиалдык башкаруу органы болуп саналат жана өз ишмердүүлүгүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын (мындан ары – Улуттук банк) ченемдик-укуктук актыларына;
Банктын Уставына, акционерлердин жалпы чогулуштарынын чечимдерине, ушул Жобого жана Банктын өз ишине тиешелүү башка локалдык ченемдик актыларына таянуу менен жүргүзөт. Директорлор кеңеши өзүнүн фидуциардык милдеттерине ылайык, Кыргыз Республикасынын ченемдик талаптарын, Банктын локалдык ченемдик актыларын жана дүйнөлүк деңгээлде таанылган алдыңкы тажрыйбаларды так сактоо менен өз милдеттерин аткарат.

1.4. Бул Жобо Банктын ички документи болуп саналат, ал Банктын акционерлеринин жалпы чогулушу тарабынан бекитилет жана өзгөртүлүшү, толукталышы же күчүн жоготкон деп таанылышы жалпы чогулуштун чечими менен гана ишке ашырылат.

1.5. Директорлор кеңеши – Банктын башкаруу органдарынын бири болуп эсептелет, акционерлердин жалпы чогулушуна отчет берет жана Уставда каралган ыйгарым укуктарына ылайык анын чечимдерин аткарат.

## 2. ДИРЕКТОРЛОР КЕҢЕШИНИН МИЛДЕТТЕРИ ЖАНА КОМПЕТЕНЦИЯСЫ

2.1. Директорлор кеңеши – бул Банктын башкаруу органы болуп саналат жана ал акционерлердин жалпы чогулуштарынын ортосундагы мезгилде Банктын жалпы жетекчилигин жүзөгө ашырат. Директорлор кеңеши Банктын эң мыкты кызыкчылыктарын коргоо үчүн иш алып барууга, бардык акционерлерге бирдей мамиле кылуу принцибин сактоого жана жалпы акционерлердин жылдык чогулушунунун ар биринде да өз ишмердүүлүгү боюнча отчет берүүгө милдеттүү.

2.2. Директорлор кеңеши Банктын стратегиялык башкаруусун жүзөгө ашырат, Банктын тобокелдиктерди башкаруу жана ички көзөмөлдөө системасын уюштуруу боюнча негизги принциптерди жана ыкмаларды аныктайт, аткаруучу органдардын ишмердүүлүгүн көзөмөлдөйт жана башка маанилүү функцияларды аткарат.

2.3. **Корпоративдик башкаруунун натыйжалуулугун камсыз кылуу максатында, Директорлор кеңеши төмөнкү милдеттерди аткарууга тийиш:**
- 2.3.1. Банктын уюштуруу структурасынын алкагында так ыйгарым укуктарды, жоопкерчиликтерди жана отчеттуулукту белгилөө;
- 2.3.2. Банктын көлөмүнө, ишмердүүлүгүнүн татаалдыгына, түзүмүнө жана тобокелдик профилине ылайык келүүчү эффективдүү ички көзөмөл системасын түзүү жана анын туура иштешин камсыз кылуу;

2.3.3. Тобокелдиктерди башкаруунун натыйжалуу системасын уюштуруу жана колдоо принциптерин аныктоо, ошондой эле бул системанын Улуттук банк тарабынан белгиленген талаптарга ылайык келүүсүн камсыз кылуу.

2.3.4. Банктын стратегиялык максаттары боюнча маалыматты Банктын уюштуруучулук түзүмүнүн бардык деңгээлдерине жеткирүү боюнча чараларды көрүү;

2.3.5. Банктын өнүгүү стратегиясын, бизнес-пландарын жана бардык негизги иш багыттары боюнча саясаттарын мезгил-мезгили менен (жылына кеминде бир жолу) алардын учурдагы ишмердүүлүккө, Банктын каржылык абалына жана тышкы экономикалык шарттарга ылайыктыгына баалоо;

2.3.6. Банктын стратегиялык максаттарына жетишүү жана бизнес-пландардагы болжолдуу көрсөткүчтөрдү ишке ашыруу жагынан учурдагы банк ишмердүүлүгүн жана каржылык натыйжаларды мезгил-мезгили менен (чейрек сайын кеминде бир жолу) баалоо.

2.3.7. Банктын жана анын башкаруу органдарынын ишмердүүлүгүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, ченемдик укуктук актыларга жана Улуттук банктын талаптарына шайкеш келтирүүнү камсыз кылуу;

2.3.8.Тышкы жана ички аудиттердин, ошондой эле банктык көзөмөл органдарынын текшерүүлөрүнүн жыйынтыктарын карап чыгып, натыйжалары боюнча чараларды көрүү;

2.3.9. Объективдүү жана компетенттүү чечимдерди кабыл алуу үчүн жетиштүү жана ишенимдүү маалыматка ээ болуу, ошондой эле Башкармалыктын, башка башкаруу органдарынын жана Банктын кызмат адамдарынын сунуштары жана сунуштамалары негиздүү жана Банктын кызыкчылыктарына ылайык экенине ынануу;

2.3.10. Банктын тобокелдиктерди кабыл алуу жана көзөмөлдөө менен түздөн-түз байланышкан негизги кызматкерлеринин тизмесин аныктоо;

2.3.11. Мезгил-мезгили менен, бирок жылына кеминде бир жолу, Директорлор кеңешинин ишинин натыйжалуулугунун даражасын жана анын Банктын өнүгүү муктаждыктарына шайкештигин аныктоо, анын ичинде Директорлор кеңешинин комитеттеринин жана алардын айрым мүчөлөрүнүн ишмердүүлүгүнө баа берүүнүн негизинде башкаруунун натыйжалуулугундагы кемчиликтерди аныктоо жана тийиштүү зарыл түзөтүүчү чараларды көрүү;

2.3.12. сый акыны төлөө эрежелери жана тартиби Банктын корпоративдик маданиятына, көзөмөл чөйрөсүнө, ошондой эле Банктын узак мөөнөттүү максаттарына жана стратегиясына ылайык келишин камсыз кылуу;

2.3.13. узак мөөнөттүү келечекте Банктын ишинин негизги багыттарын жана аларга тиешелүү көрсөткүчтөрдү белгилөө.

**2.4. Директорлор кеңеши Банктын кызыкчылыгында ак ниеттүүлүк жана акылмандык менен иш алып барууга тийиш, бул төмөнкү фидуциардык милдеттерди сактоону талап кылат:**

2.4.1. Кыргыз Республикасынын банк мыйзамдарынын жана Банктын Уставынын талаптарын сактоо менен өз ыйгарым укуктарынын чегинде иш алып баруу;

2.4.2. берилген ыйгарым укуктарды берилген максаттарды ишке ашыруу үчүн колдонуу;

2.4.3. өзүнүн квалификациясы жана тажрыйбасынын негизинде, жеткиликтүү маалыматты өз убагында алуу үчүн бардык мүмкүн болгон аракеттерди көргөндөн кийин, салмактуу чечимдерди кабыл алуу;

2.4.4. кызыкчылыктардын кагылышуусун болтурбоо боюнча талаптарды сактоо, кызыкчылыктардын кагылышынын келип чыгышы, анын ичинде кызыкчылыктардын кагылышуусу келип чыккан учурлар жөнүндө Банктын башкаруу органдарына токтоосуз билдирүү;

2.4.5. акционерлерге карата теңдик принциптерин сактоо, бир акционердин кызыкчылыктарын башка акционерлердин кызыкчылыктарынан жогору койбоо;

2.4.6. Банктын финансылык туруктуулугуна коркунуч келтирген бардык белгилүү инциденттер жөнүндө Банктын башкаруу органдарын кабарлоо;

2.4.7. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, кынтыксыз ишкердик кадыр-баркка ээ болуу;

2.4.8. Банктын кызыкчылыктарына зыян келтириши мүмкүн болгон, айкын экономикалык мааниси жана мыйзамдуу максаты жок Банктын жана кардарлардын операцияларын (бүтүмдөрүн) жүргүзүүгө жол бербөө максатында Банктын ичинде натыйжалуу көзөмөл системасын уюштуруу.

2.5. **Директорлор кеңешинин өзгөчө ыйгарым укуктарына төмөнкү маселелер боюнча чечимдерди кабыл алуу кирет:**

2.5.1. Банктын стратегиясын жана бизнес саясатын аныктоо, ошондой эле стратегияга ылайык бизнес багыттарын, анын ичинде Банктын бюджетин жана/же жылдык бизнес планын жана стратегияга же пландарга өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча сунуштарды акционерлерге бекитүү үчүн берүү;

2.5.2. Банктын бардык ишмердүүлүк түрлөрү боюнча ички саясатты аныктоо жана кабыл алуу

2.5.3. Директорлор кеңеши тарабынан түзүлгөн комитеттердин мүчөлөрүн бекитүү же четтетүү;

2.5.4. компетенттүү аткаруучу органдарды түзүү жана алардын ишмердүүлүгүнө натыйжалуу көзөмөл жүргүзүүнү камсыз кылуу;

2.5.5. Башкармалыктын Төрагасынын/Төрайымынын сунуштамасы боюнча Башкармалыктын Төрагасын/Төрайымын жана Башкармалыктын мүчөлөрүн бекитүү же кызматтан четтетүү ошондой эле Дайындоо жана сыйлоо боюнча комитеттин сунуштарын эске алуу менен Башкармалыктын мүчөлөрүнө эмгек акы төлөө шарттарын аныктоо;

2.5.6. Дайындоо жана сыйлоо боюнча комитеттин сунуштарын эске алуу менен ички аудит, тобокелдик-менеджмент, комплаенс-контроль кызматтарынын жетекчилерин жана алардын кызматкерлерин дайындоо, алардын эмгек акысынын өлчөмүн аныктоо, ошондой эле бул кызматтардын сандык жана персоналдык курамын аныктоо;

2.5.7. Банктын уюштуруучулук түзүмүн бекитүү;

2.5.8. Банктын адекваттуу ички көзөмөл системасын уюштуруу.

2.5.9. аткаруучу органдардын жана Банктын кызмат адамдарынын ишмердүүлүгүн текшерүү жана бул текшерүүлөрдүн жыйынтыгы боюнча чараларды көрүү;

2.5.10. Банктын филиалдарын жана өкүлчүлүктөрүн түзүү жана/же жоюу жөнүндө чечимдерди кабыл алуу;

2.5.11. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын инспектордук текшерүүлөрүнүн, ошондой эле ички жана тышкы аудиттердин жыйынтыктарын кароо жана тиешелүү чараларды көрүү;

2.5.12. Банктын активдеринин таза наркынын 10% дан 50% га чейинки (өзүнчө чечимдер менен башкача белгиленбесе) баланстык наркынын чегиндеги бир же бир нече өз ара байланышкан бүтүмдөр боюнча финансылык милдеттенмелерди же чыгымдарды бекитүү (жылдык бизнес-планга киргизилген-киргизилбегенине карабастан, Директорлор кеңеши тарабынан бекитилген Банктын жылдык бизнес-планында өзүнчө пунктта түз көрсөтүлгөн бүтүмдөрдөн тышкары, ошондой эле Кыргыз Республикасынын банк мыйзамдары жана Банктын локалдык ченемдик актылары менен белгиленген бүтүмдөр/операциялар);

2.5.13. Банктын саясаттарын бекитүү жана/же өзгөртүү;

2.5.14. кызматкерлер үчүн акцияларга ээлик кылуу планы (КАЭП) же ушул сыяктуу саясаттарды жана пландарды бекитүү же өзгөртүү;

2.5.15. акционерлердин жалпы жыйналышында кабыл алынган чечимдердин аткарылышын көзөмөлдөө;

2.5.16. Банктын Корпоративдик катчысын шайлоо;

2.5.17. акциялар боюнча дивиденддин өлчөмү жана анын төлөө тартиби боюнча сунуштарды даярдоо;

2.5.18. акционерлердин жылдык жалпы жыйналышына жүгүртүүдөгү акциялардын санын көбөйтүү же азайтуу шарттарын жана тартибин бекитүү боюнча сунуштарды берүү;
2.5.19. акционерлердин жалпы жыйналышында кароо үчүн материалдарды даярдоо;
2.5.20. Банктын акционерлеринин жылдык же кезексиз жалпы жыйналышын чакыруу;
2.5.21. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурлардан тышкары, акционерлердин жалпы жыйналышынын күн тартибин түзүү жана бекитүү, ошондой эле жалпы жыйналышта кароо үчүн материалдарды даярдоо;
2.5.22. Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен аныкталган өлчөмдө Банктын аффилирленген жана байланышкан жактар менен түзгөн келишимдерин/операцияларын бекитүү же макулдашуу;
2.5.23. Банктын аффилирленген жана байланышкан жактар менен кредиттер жана активдер боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен белгиленген өлчөмдө кредиттик тобокелдикти камтыган келишимдерди бекитүү.
2.5.24. сатып алуу же сатуу Банктын активдеринин баланс баасынан 5% (беш пайыз) төмөн болсо, башка компаниялардагы, ишканалардагы жана/же башка юридикалык жактардагы акцияларды же катышуу үлүштөрүн сатып алуу же өткөрүп берүү жөнүндө чечим кабыл алуу.
2.5.25. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана Банктын локалдык ченемдик актыларына ылайык Директорлор кеңешинин компетенциясына кирген башка маселелер боюнча чечимдерди кабыл алуу.

2.6. Устав, ушул Жобо жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен Директорлор кеңешинин өзгөчө компетенциясына кирген маселелер Банк Башкармалыгынын же акционерлердин жалпы жыйынынын кароосуна берилбейт.

**2.7. Кыймылсыз мүлк боюнча бүтүмдөр/операциялар боюнча талаптарды аткаруу үчүн Директорлор кеңеши:**

2.7.1. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык кыймылсыз мүлктү сатып алуу боюнча ири бүтүмдү жүргүзүү жөнүндө чечим кабыл алат;
2.7.2. Мүлктү сатып алгандан кийин 1 жылдын ичинде, кыймылсыз мүлктү банктык жайлар катары пайдалануу же бул мүлктү пайдалануу мүмкүнчүлүгүнөн баш тартуу жөнүндө Башкармалыктын чечимин бекитүү маселесин карайт;
2.7.23 Шарттары жана өзгөчөлүктөрү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген айыл чарба багытындагы жерлерди, рекреациялык объектилерди, туризм инфраструктурасын кошпогондо, менчик укугу пайда болгон учурдан тартып үч жылдык мөөнөттүн ичинде Банк башка кыймылсыз мүлктү сатууга мүмкүн эместигинин себептери жөнүндө маселелерди карайт;
2.7.4. Банктын аффилирленген/байланыштуу жактары менен аны күтүүгө байланышкан чыгымдарды жабуу максатында кыймылсыз мүлктү ижарага алуу келишимдерин кароо (аффилирленген/Банк менен байланыштуу жак чечим кабыл алууда добуш бербеши жана катышпашы керек). Директорлор кеңешинин кароосуна сунуштала турган документтердин топтому төмөнкүлөрдү камтууга тийиш:
- аффилирленген/Банк менен байланышкан жак менен жүргүзүлө турган операциянын сүрөттөлүшү;
- аффилирленген/Банк менен байланышкан жактын аты-жөнү (юридикалык жак болгон учурда – анын аталышы) жана Банк менен болгон байланышы;
- аффилирленген/Банк менен байланышкан жак менен бүтүмдүн адилеттүү шартта түзүлгөнүн тастыктаган документтер (базар изилдөөсү, көз карандысыз баалоочунун/баалоо уюмунун корутундусу жана башка далилдер);
- Банктын болжолдуу чыгымдарынын сметасы.
2.7.5. Банктын аракеттери кыймылсыз мүлк менен операциялардан пайда алууга багытталбаган шартта, келечектеги экономикалык пайданын келип чыгышына жана анын наркынын өсүшүнө алып келүүчү башка кыймылсыз мүлктүн жалпы

абалын жакшыртууга кошумча чыгымдарды бекитүү жөнүндө чечимдерди кабыл алат;

2.7.6. Банкты келечекте кеңейтүү үчүн сатып алынган кыймылсыз мүлктү пайдаланбоо жана/же банктын ишмердүүлүгүн жүргүзүү үчүн жайларды пайдаланууну токтотуу (мисалы, өзүнчө жайгашкан түзүмдүк бөлүктүн жабылышынын, башка жерге көчүрүлүшүнүн натыйжасында жана актыга ылайык башка себептер боюнча) жана аны сатуу зарылдыгы жөнүндө Банк Башкармалыгынын чечимин бекитүү жөнүндө чечим кабыл алат.

2.8. Ар үч айда бир жолу Банктын Директорлор кеңешинин башка кыймылсыз мүлктү сатуу маселелерин кароосунун жыйынтыгы жана бул маселе боюнча жазуу жүзүндөгү отчеттору менен таанышуу.

2.9. Башкармалыктын кварталдык отчетторунун негизинде, Банктын Башкармалыгынын башка кыймылсыз мүлк менен иш алып баруудагы натыйжалуулугун кароо жана баалоо, анын ичинде менчик укугу пайда болгондон тартып 3 (үч) жылдан ашык убакыттан бери Банкка таандык кыймылсыз мүлктү сатуу боюнча кийинки чараларды аныктоо. Мында айыл чарба багытындагы жерлер, рекреациялык объектилер жана туризм инфраструктурасы кирбейт. Бул категориялар боюнча мөөнөттөр жана өзгөчөлүктөр Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык аныкталат.

**2.10. Банкта банкрот коркунучунун белгилери жаралган учурда, Директорлор кеңешинин милдеттери:**

2.10.1. Банктын банкрот болушунун алдын алуу үчүн зарыл болгон шашылыш чараларды көрүү жана Акционерлердин кезексиз жалпы жыйынын токтоосуз чакыруу.

2.10.2. Улуттук банкка Банктын банкроттук коркунучу, Директорлор кеңешинин Банк акционерлеринин кезексиз жалпы жыйынын өткөрүү маселесин кароосунун жыйынтыгы, банкроттуктун алдын алуу боюнча кабыл алынган жана пландаштырылган шашылыш чаралар жөнүндө дароо маалымдоо.

2.11. Директорлор кеңешинин мүчөлөрү Банк тарабынан белгиленген корпоративдик башкаруунун стандарттарына жана принциптерине жооп берген корпоративдик башкаруунун ачык-айкын системасын түзүүгө көмөктөшүүгө милдеттүү.

## 3. ДИРЕКТОРЛОР КЕҢЕШИН ШАЙЛОО

3.1. Директорлор кеңешинин мүчөлөрү Акционерлердин жалпы чогулушу тарабынан төрт жылдык мөөнөткө шайланат.

3.2. Директорлор кеңеши кеминде беш мүчөдөн туруп, так санда болушу шарт. Директорлор кеңешинин кеминде бир мүчөсү Кыргыз Республикасынын жараны болуп, мамлекеттик жана/же расмий тилди билүүгө тийиш. Директорлор кеңешинин курамынын кеминде үчтөн бири көз карандысыз мүчөлөрдөн турушу керек. Көз карандысыз Директорлор кеңешинин мүчөсү – бул шайлоо үчурунда төмөнкү талаптарга жооп берген адам:

3.2.1. Банкта же Банк менен байланышкан юридикалык жактардын биринде акыркы беш жыл ичинде кызматкер болуп иштеген эмес жана учурда да иштебейт;

3.2.2. Банктын Башкармалыгында же Банк менен байланышкан юридикалык жактардын биринин Башкармалыгында акыркы беш жыл ичинде мүчө болуп иштеген эмес жана иштебейт;

3.2.3. акыркы беш жылдын ичинде Банктан же Банк менен байланышкан жактардан же алардын атынан Директорлор кеңешинин жыйындарына катышууга байланыштуу чыгымдардын ордун толтуруудан башка, тике же кыйыр түрдө кандайдыр бир олуттуу кошумча сый акы, компенсация, жеңилдиктер же кайрымдуулуктарды албаган;

3.2.4. акыркы беш жыл ичинде Банк же Банк менен байланышкан жактар менен түздөн-түз же өнөктөш катары маанилүү ишкердик байланыштарга (анын ичинде кредиттерди, зайымдарды берүү жана алуу) ээ болбогон адам;

3.2.5. акыркы беш жылдын ичинде Банктын учурдагы же мурдагы тышкы аудиторунун же Банк менен байланышы бар кандайдыр бир адамдын өнөктөшү же кызматкери болбогон;

3.2.6. Банкка олуттуу катышуусу же көзөмөлү жок жана эч кандай жол менен банкка олуттуу катышуусу же көзөмөлү бар акционерди билдирбейт;

3.2.7. акыркы төрт жыл ичинде Банктын же Банк менен байланышкан юридикалык жактардын Директорлор кеңешинин мүчөсү болуп иштебеген адам;

3.2.8. жогорудагы 3.2.1–3.2.7 пункттарында көрсөтүлгөн адамдар менен жакын туугандык байланышта болбогон адам.

3.3. Директорлор кеңешинин мүчөлөрү болуп, толук аракетке жөндөмдүү жана Улуттук банк тарабынан белгиленген кемчиликсиз ишкердик абройго, кесиптик ылайыктуулукка жана иш тажрыйбасына ээ болгон жеке жактар гана шайлана алат. Директорлор кеңешинин мүчөлөрү менен эмгек келишимдери же башка ушул сыяктуу келишимдер жана контракттар түзүлбөйт, ошондой эле Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдары аларга колдонулбайт.

3.4. Директорлор кеңешине талапкерлигин койгон адамдар Улуттук банктын талаптарына ылайык, өздөрү жөнүндө маалымат жана тиешелүү документтерди Банкка берүүгө тийиш. Эгерде талапкер кайрадан (кийинки мөөнөткө) Директорлор кеңешинин курамына шайланса, анда Улуттук банк менен макулдашуу алкагында мурун берилген документтердеги маалыматтар өзгөрүүсүз калган учурда, аларды кайра тапшыруунун кажети жок. Бул учурда, Банкка ушул Жобонун №1 тиркемесине ылайык түзүлгөн маалыматтардын актуалдуулугун тастыктаган жазуу жүзүндөгү билдирүү берилет.

3.5. Директорлор кеңешинин мүчөсү каалаган убакта 14 календардык күн мурун Директорлор кеңешине жазуу жүзүндөгү арыз менен кайрылып, өз ыйгарым укуктарын өз каалоосу менен токтото алат. Бул учурда, Директорлор кеңешинин мүчөсүнүн ыйгарым укуктары арызда көрсөтүлгөн эскертүү мөөнөтү аяктаган соң токтотулат.

3.6. Эгерде Директорлор кеңешинин мүчөсү банк мыйзамдарынын талаптарын бузса, Улуттук банктын чечими менен ал өз милдеттерин аткаруудан убактылуу четтетилиши мүмкүн жана бул мезгилде ага сый акы төлөнбөйт. Директорлор кеңешинин мүчөсүн четтетүү жөнүндөгү Улуттук банктын чечими кабыл алынган күндөн тартып дароо күчүнө кирет.

3.7. Директорлор кеңешинин мүчөсү Улуттук банктын чечими менен төмөнкү учурларда кызматынан бошотулат:

3.7.1. кынтыксыз ишкердик беделин жоготкондо;

3.7.2. Банк менен түзүлгөн бүтүмдөрдө кызыкчылыктардын кагылышын же кызыктар экендигин жашыруу фактысы аныкталганда;

3.7.3. эгерде адам квалификациялык талаптарга, көзкарандысыздык талаптарына жана кынтыксыз ишкердик беделге шайкеш келбегендигин көрсөтүүчү маалыматтарды жашырса;

3.7.4. Улуттук банктын баалоосу боюнча, Директорлор кеңешинин мүчөсүнүн аракеттери же аракетсиздиги Банктын финансылык туруктуулугуна коркунуч жараткан учурда.

Улуттук банктын Директорлор кеңешинин мүчөсүн кызматтан бошотуу чечими кабыл алынган күндөн тартып күчүнө кирет.

3.8. Эгерде Директорлор кеңешинин мүчөлөрүнүн ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу/бошотуп коюунун натыйжасында анын курамы кворумга жетпей калса, анда Банк Башкармалыгы Директорлор кеңешинин мүчөлөрүнүн ыйгарым укуктары токтотулган күндөн тартып беш күндүн ичинде жаңы курамды шайлоо үчүн акционерлердин кезексиз жалпы жыйынын чакыруу жөнүндө чечим кабыл алууга милдеттүү.

3.9. Эгерде көзкарандысыз Директорлор кеңешинин мүчөсүнүн (мүчөлөрүнүн) орду бош калып, бул кворумга таасир этпесе, бирок Банктын Директорлор кеңешинин курамындагы көзкарандысыз мүчөлөрдүн үчтөн бир бөлүгү боюнча талаптар аткарылбай калса, анда Директорлор кеңеши орун бошогон күндөн тартып он иш күнүнүн ичинде акционерлердин кезексиз жалпы жыйынын чакыруу жөнүндө чечим кабыл алып, анда тиешелүү бош орундарга көзкарандысыз мүчөлөр шайланышы керек.

3.10. Төмөнкү жактар Директорлор кеңешине мүчө боло албайт:

3.10.1. Банктын Башкармалыгынын мүчөсү болгон же Банктын башка кызматтарын ээлеген адамдар;

3.10.2. Башка банкта же Улуттук банктын көзөмөлүндөгү башка мекемеде кызмат адамы же ири акционери болгон, ошондой эле башка атаандаш каржылык уюмдарда кызматтарды ээлеген адамдар;

3.10.3. Улуттук банк тарабынан белгиленген талаптарга жооп бербеген, ошондой эле мыйзам боюнча же соттун чечими менен мындай кызматтарды ээлөөгө тыюу салынган адамдар.

## 4. ДИРЕКТОРЛОР КЕҢЕШИНИН ТӨРАГАСЫ

4.1. Директорлор кеңешин анын мүчөлөрүнүн көпчүлүк добушу менен шайланган Директорлор кеңешинин Төрагасы жетектейт. Директорлор кеңешинин чечими менен Директорлор кеңешинин төрагасынын орун басары шайланышы мүмкүн. Директорлор кеңешинин Төрагасы жана анын орун басары каалаган учурда Директорлор кеңешинин көпчүлүк добушу менен кайра шайланышы мүмкүн.

4.2. Директорлор кеңешинин төрагасы Директорлор кеңешинин жалпы ишин уюштурат, Кеңештин мүчөлөрү менен кеңешип, жыйындардын күн тартибин жана форматын аныктайт, Кеңештин жыйындарын чакырат жана аларда төрагалык кылат, жыйындарда протоколду уюштурат жана аны кол коет, Кеңештин мүчөлөрү тарабынан сунушталган чечимдер боюнча добуш берүүнү уюштурат, Акционерлердин жалпы жыйналышына даярдык көрүү процессин көзөмөлдөйт.

4.3. Директорлор кеңешинин Төрагасы эгерде Кеңештин чечими менен башкача каралбаса, Кеңештин жыйындарында бекитилген документтерге Директорлор кеңешинин атынан кол коёт.

4.4. Төрага жок учурда (ооруп калуу, иш сапарга чыгуу, өргүү жана башка себептер) анын милдеттерин Төраганын орун басары, ал дагы жок болсо, Директорлор кеңешинин чечими менен дайындалган Директорлор кеңешинин мүчөсү аткарат.

4.5. Директорлор кеңешинин Төрагасы ДК милдеттеринин жана компетенциясынын чегинде ар кандай маселе боюнча квалификациялуу корутунду түзүү үчүн Директорлор кеңешине зарыл болгон белгилүү бир тармактагы адистерди тартуу боюнча Банк Башкармалыгынын Төрагасына/Төрайымына тапшырма берүүгө, ошондой эле Директорлор кеңешинин жыйналыштарында каралуучу маселелер боюнча документтерди, корутундуларды жана башка материалдарды даярдоо боюнча тапшырма берүүгө укуктуу.

## 5. КОРПОРАТИВДИК КАТЧЫ

5.1. Банктын Корпоративдик катчысы акционерлердин жалпы жыйынынын жана Директорлор кеңешинин протоколдорун жүргүзөт, алардын чечимдеринин аткарылышына көзөмөл жүргүзөт, Банктын башкаруу органдарынын ортосундагы корпоративдик өз ара аракеттенүүнү камсыз кылууга көмөктөшөт. Ал акционерлердин жалпы жыйынын жана

Директорлор кеңешинин ишин (жыйындарды жана иш кагаздарын жүргүзүүнү) уюштурууну камсыздайт жана алардын үзгүлтүксүз натыйжалуу өз ара аракеттенишин камсыз кылат. Ошондой эле, ал Банктын акционерлеринин укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо боюнча Банктын иш-аракеттерин координациялайт.

5.2. Корпоративдик катчы Банктын кызмат адамы болуп эсептелет жана Директорлор кеңешинин чечими менен дайындалат жана кызматтан бошотулат.

5.3. Корпоративдик катчы өз ишин Кыргыз Республикасынын «Банктар жана банк иштери жөнүндө» Мыйзамына, Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларына, Банктын Уставына жана Банктын локалдык ченемдик актыларына, ошондой эле акционерлердин жалпы чогулушунун жана Директорлор кеңешинин чечимдерине ылайык жүзөгө ашырат.

5.4. Банктын Корпоративдик катчысынын өз алдынча кызмат ордун Банктагы башка милдеттерди аткаруу менен айкалыштырууусуна Банктын Директорлор кеңешинин макулдугу менен гана жол берилет.

5.5. Корпоративдик катчы өзүнө жүктөлгөн милдеттерди аткаруу үчүн зарыл болгон билимге, тажрыйбага жана квалификацияга ээ болушу керек. Акционерлердин ишенимине ээ болууга тийиш. Корпоративдик катчы өзүнүн милдеттерин ийгиликтүү аткаруу үчүн зарыл болгон ыйгарым укуктарга жана ресурстарга ээ болушу керек.

5.6. Корпоративдик катчынын функционалдык милдеттери Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана Банктын локалдык ченемдик актыларына ылайык Банк тарабынан өз алдынча иштелип чыгат.

5.7. Корпоративдик катчы Банктын мыкты кызыкчылыктарында ак ниеттүүлүк жана акылга сыярлык негизде иш алып барууга милдеттүү, бул төмөнкү фидуциардык милдеттерди сактоону камтыйт:

- 5.7.1. Кыргыз Республикасынын банк мыйзамдарынын, Банктын Уставынын жана ички нормативдик актыларынын талаптарын сактоо менен ыйгарым укуктарын аткаруу;
- 5.7.2. өзүнө берилген ыйгарым укуктарды пайдалануу;
- 5.7.3. акционерлерге жана Директорлор кеңешинин мүчөлөрүнө карата теңдик принцибин сактоо;
- 5.7.4. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына шайкеш келүү.

5.8. Корпоративдик катчы убактылуу жок болгон учурда, анын функцияларын Директорлор кеңешинин тиешелүү жыйналышында дайындалган Банктын кызматкери аткарат.

## 6. ДИРЕКТОРЛОР КЕҢЕШИНИН ЖЫЙЫНЫН ЧАКЫРУУ ЖАНА ӨТКӨРҮҮ ТАРТИБИ

6.1. Директорлор кеңешинин жыйыны төмөнкү учурларда чакырылат:

- 6.1.1. Директорлор кеңешинин Төрагасынын өз демилгеси менен;
- 6.1.2. Директорлор кеңешинин мүчөсү, Банктын ички аудитору талап кылынган учурда;
- 6.1.3. Банк Башкармалыгынын талабы боюнча;
- 6.1.4. Уставда же мыйзамдарда белгиленген башка жактардын талабы боюнча.

6.2. Директорлор кеңешинин жыйынын чакыруу талабы жазуу жүзүндө түзүлүп, ушул Жобонун 6.1.2-6.1.4 пункттарында каралган учурларда Директорлор кеңешинин Төрагасына жана Банк Башкармалыгынын Төрагасына/Төрайымына жөнөтүлүшү керек.

6.3. Директорлор кеңешинин жыйындары түздөн-түз, жазуу түрүндө сурамжылоо ыкмасы менен же байланыш каражаттарын колдонуу менен өткөрүлөт, бул жыйындар

Директорлор кеңеши тарабынан бекитилген план-графикке ылайык, бирок кеминде ар бир кварталда бир жолу өтүшү керек. Эгерде Директорлор кеңешинин жыйынын өткөрүү күнү мурунку жыйында аныкталган болсо, жыйынды чакыруу талабы жөнөтүлбөйт.
Банктын Директорлор кеңешинин жыйындары бетме-бет (очно) өткөрүлгөндө, күн тартибиндеги маселелерди талкуулоо жана добуш берүүгө катышуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу максатында Банктын Директорлор кеңешинин отурум өтүүчү жерде жок мүчөлөрүнө конференциялык жана видеоконференция байланышын пайдалануу мүмкүнчүлүгү берилет.
Эгерде жыйынды бетме-бет формада өткөрүү мүмкүн болбосо, чечимдер Директорлор кеңешинин мүчөлөрүнүн сырттан (заочно) добуш берүүсү аркылуу кабыл алынат. Сырттан добуш берүү (заочно) жазуу жүзүндө жүргүзүлүп, Директорлор кеңешинин жыйынынын күн тартибиндеги маселелер боюнча добуш берүү бюллетени (ушул Жобонун №2 тиркемеси) электрондук почта аркылуу Корпоративдик катчыга жөнөтүлөт. Добуш берүү бюллетени Банктын тиешелүү локалдык нормативдик актысына ылайык электрондук кол тамга менен бекитилиши керек. Эгерде Директорлор кеңешинин жыйыны конференциялык же видеоконференция байланышы аркылуу өткөрүлүп, анын айрым мүчөлөрү катыша албаса, аларга да күн тартибиндеги маселелер боюнча сырттан (заочно) добуш берүү бюллетенин жөнөтүү мүмкүнчүлүгү берилет.

6.4. Директорлор кеңешинин жыйынына маалымат (материалдар) Корпоративдик катчы тарабынан Директорлор кеңешинин ар бир мүчөсүнө жыйын белгиленген күндөн кеминде 5 (беш) иш күнү мурун электрондук почта аркылуу жөнөтүлөт.

6.5. Директорлор кеңешинин жыйынынын күн тартибиндеги маселелер боюнча бардык документтер жана материалдар жашыруун маалымат болуп эсептелет жана үчүнчү жактарга жарыяланбоого жана таркатылбоого тийиш.

6.6. Директорлор кеңешинин төрагасы төмөнкү маселелерди чечүү үчүн Директорлор кеңешинин жыйынын чакырууга милдеттүү:
- 6.6.1. жылдык жалпы акционерлер жыйынын чакыруу жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык анын өткөрүлүшү үчүн зарыл чечимдерди кабыл алуу;
- 6.6.2. Банктын жылдык отчетун алдын ала бекитүү;
- 6.6.3. акционерлердин жылдык жалпы чогулушунун күн тартибине маселелерди киргизүү жана Директорлор кеңешинин курамына талапкерлерди көрсөтүү боюнча сунуштарын кароо;
- 6.6.4. колдонулуп жаткан мыйзамдарга, Уставга жана ушул Жобого ылайык Директорлор кеңеши тарабынан чечилиши зарыл болгон башка маселелер.

6.7. Директорлор кеңешинин жыйынын өткөрүү үчүн кворум Директорлор кеңешинин шайланган мүчөлөрүнүн үчтөн экисинен (2/3) кем болбошу керек.

6.8. Бардык чечимдер Директорлор кеңешинин кеминде 2/3 курамынын катышуусу менен, жыйынга катышкан Директорлор кеңешинин мүчөлөрүнүн жөнөкөй көпчүлүк добушу менен кабыл алынат.

6.9. Банктын аффилирленген же байланышы бар жактары менен түзүлгөн Банктын бүтүмү/операциясы боюнча талкуулоодо, добуш берүүдө жана чечим кабыл алууда сунушталып жаткан операцияга же бүтүмгө тике же кыйыр кызыкчылыгы бар Директорлор кеңешинин төрагасы же кандайдыр бир мүчөсү маселе талкууланып жаткан учурда жыйындан чыгып кетүүгө милдеттүү жана бул маселе боюнча добуш берүүгө укугу жок.

6.10. Директорлор кеңешинин жыйынында чечим кабыл алууда ар бир мүчө бирден добушка ээ болот. Директорлор кеңешинин мүчөсүнүн өз добуш берүү укугун башка адамга, анын ичинде башка мүчөгө өткөрүп берүүсүнө жол берилбейт. Директорлор кеңешинин

жыйынында күн тартибиндеги маселелер боюнча ачык добуш берүү жүргүзүлүп, төмөнкү варианттар менен добуш берилет: «Макул» («За»), «Каршы» («Против») же «Калыс» («Воздержался»). Чечимдерди кабыл алууда добуштар теңме-тең бөлүнгөн учурда, Төрага чечүүчү добуш укугуна ээ.

6.11. Директорлор кеңешинин жыйынына добуш берүү укугусуз чакырылган коноктор Төраганын уруксаты менен катыша алышат.

6.12. Чакырылган коноктор төмөнкү укуктарга ээ:
   6.12.1. жыйындын күн тартибиндеги белгиленген маселелер боюнча алар үчүн мурда аныкталган маселелер тууралуу чыгып сүйлөөгө;
   6.12.2. Директорлор кеңешинин мүчөлөрүнүн өтүнүчү боюнча талкууланып жаткан маселелер боюнча түшүндүрмө берүү.

6.13. Директорлор кеңешинин жыйынында протокол жүргүзүлөт. Протокол жыйын өткөн күндөн тартып 10 иш күнүнүн ичинде түзүлүшү керек.

6.14. Директорлор кеңешинин жыйынынын протоколунда, жок дегенде, төмөнкү маалыматтар камтылышы керек:
   6.14.1. жыйындын өткөрүлгөн жери жана күнү;
   6.14.2. жыйынга катышкан адамдардын тизмеси;
   6.14.3. күн тартибиндеги маселелер;
   6.14.4. добуш берүүгө коюлган маселелер;
   6.14.5. добуш берүүгө коюлган маселелерди талкуулоо жана добуш берүүнүн жыйынтыктары;
   6.14.6. кабыл алынган чечимдер.

6.15. Корпоративдик катчы Директорлор кеңешинин жыйынынын стенографиялык протоколун (гатышуучулардын пикиринин тексти жазуу жүзүндө) жүргүзүүгө жана добуш берүү, анын ичинде жазуу жүзүндөгү сурамжылоо жана байланыш каражаттарын колдонуу менен жүргүзүлгөн добуш берүүлөрдүн жыйынтыгы боюнча протоколдорду даярдоого милдеттүү.

6.16. Директорлор кеңешинин мүчөсүндө каралып жаткан маселе боюнча сунуштар жана эскертүүлөр болсо, жана кабыл алынган чечимге макул болбосо, анын пикири добуш берүүдө айтылып, протоколдо көрсөтүлүшү керек.

6.17. Жыйындын протоколуна протоколдун туура түзүлүшү үчүн жооптуу болгон адам - Директорлор кеңешинин төрагасы (же төрага жок болгон учурда жыйналышта төрагалык кылган адам), ошондой эле Директорлор кеңешинин жыйынга катышкан мүчөлөрү менен макулдашылгандан (бекитилгенден) кийин Директорлор кеңешинин Корпоративдик катчысы кол коет. Директорлор кеңешинин мүчөлөрүнө протоколду макулдашууга 2 (эки) иш күндүк мөөнөт берилет. Жыйында катышпаган Директорлор кеңешинин мүчөлөрү Протокол жана кабыл алынган чечимдер менен таанышып, кол коюшу керек. Директорлор кеңешинин жыйынынын протоколуна Банктын тиешелүү локалдык нормативдик актысына ылайык, электрондук кол тамга менен кол коюуга жол берилет.

6.18. Корпоративдик катчы кол коюлган протокол менен Директорлор кеңешинин бардык мүчөлөрүн тааныштырууга милдеттүү, бул максатта байланыш каражаттарын пайдаланса да болот.

6.19. Директорлор кеңешинин жыйындарынын протоколдору Банктын аткаруучу органдары жайгашкан жерде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык белгиленген тартипте жана мөөнөттө сакталат. Банк акционерлерге, Директорлор кеңешинин мүчөлөрүнө,

аудиторлорго, Башкармалыктын Төрагасына/Төрайымына жана Башкармалык мүчөлөрүнө жыйын протоколдоруна жеткиликтүүлүктү камсыз кылууга милдеттүү.

6.20. Эгерде Директорлор кеңешинин кабыл алган чечими Кыргыз Республикасынын «Акционердик коомдор жөнүндө» мыйзамын, башка укуктук актыларды жана Уставды бузуу менен кабыл алынган болсо жана бул чечим анын укуктарына жана мыйзамдуу кызыкчылыктарына доо кетирсе, анда добуш берүүгө катышпаган же каршы добуш берген Директорлор кеңешинин мүчөсү бул чечимге сот тартибинде даттанууга укуктуу.

6.21. Директорлор кеңешинин ар бир мүчөсү Банкка тиешелүү маселелер боюнча чечим кабыл алууда объективдүү болуп, өзүнүн жеке кызыкчылыктарын же айрым акционерлердин, Банк кызмат адамдарынын же үчүнчү жактардын кызыкчылыктарын эмес, Банктын кызыкчылыктарын жетекчиликке алышы керек.

## 7. ДИРЕКТОРЛОР КЕҢЕШИНИН МҮЧӨЛӨРҮНҮН УКУКТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

7.1. Директорлор кеңешинин мүчөсү төмөнкү укуктарга ээ:

- 7.1.1. Директорлор кеңешинин жыйынынын күн тартибине маселелерди киргизүүнү сунуштоо;
- 7.1.2. Банктын ишмердүүлүгү боюнча маселелерди талкуулоо;
- 7.1.3. чечим долбоорлорун кароодо сунуштарды киргизүү жана добуш берүү;
- 7.1.4. акционерлердин жалпы чогулушунун чечими менен белгиленген учурларда жана өлчөмдө өз милдеттерин аткаргандыгы үчүн сый акы алууга жана (же) Директорлор кеңешинин мүчөсүнүн функцияларын аткарууга байланышкан чыгымдардын ордун толтурууга;
- 7.1.5. Банктын аткаруучу органдарынан, түзүмдүк бөлүмдөрүнөн, кызматтарынан, филиалдарынан жана өкүлчүлүктөрүнөн Директорлор кеңешинин ыйгарым укуктарын аткаруу үчүн керектүү болгон бардык документтерди талап кылуу жана алуу;
- 7.1.6. протоколго Төрага жана Катчы кол койгонго чейин Директорлор кеңешинин жыйындарынын протоколдорун талкуулоого катышууга;
- 7.1.7. Директорлор кеңешинин комитеттеринин ишмердүүлүгү жөнүндө маалымат алуу;
- 7.1.8. Директорлор кеңешинин жана башка органдардын жыйындарынын протоколдору менен таанышуу жана алардын көчүрмөлөрүн алуу;
- 7.1.9. Директорлор кеңешинин жыйынынын протоколуна күн тартибиндеги маселелер жана кабыл алынган чечимдер боюнча өзгөчө оюн киргизүүнү талап кылуу;
- 7.1.10. Директорлор кеңешинин мүчөсү, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдары, ченемдик укуктук актылары жана Банктын Уставы менен каралган башка укуктарга ээ.

7.2. Директорлор кеңеши аларга жүктөлгөн милдеттерге ылайык аналитикалык, маалымдама, маалыматтык материалдарды даярдоо жана алардын компетенциясына кирген маселелер боюнча сунуштарды берүү үчүн кеңешчилерди (адистерди, консультанттарды, эксперттерди ж.б.) тартууга укуктуу. Кеңешчилердин корутундулары сунуштоо мүнөзүнө ээ, ал эми кабыл алынган чечимдер үчүн жоопкерчилик Директорлор кеңешине жүктөлөт.

7.3. Директорлор кеңеши же анын каалаган мүчөсү Банктын оперативдик ишине кийлигишүүгө укугу жок.

7.4. **Директорлор кеңешинин мүчөсү төмөнкү милдеттерди аткарууга тийиш:**

- 7.4.1. Банкка карата лоялдуулук көрсөтүү, башкача айтканда, өзүнүн кызмат абалын үчүнчү жактардын кызыкчылыгы үчүн колдонбоо, Банктын кызыкчылыктарын

көздөө, өз укуктарын ишке ашыруу жана милдеттерин ак ниеттүү жана акылга сыярлык аткаруу;

7.4.2. Банк жөнүндө купуя маалыматты ачыкка чыгарбоо, ошондой эле кызматтык милдеттерин аткаруу менен байланыштуу инсайдердик жана башка кызматтык маалыматтарды аны алууга укугу жок адамдарга билдирбөө жана аны өз кызыкчылыгы же үчүнчү жактардын кызыкчылыгы үчүн пайдаланбоо, муну менен катар, Директорлор кеңешинин мүчөсү болуп турган учурда гана эмес, Банктан кеткен соң дагы 5 жыл ичинде бул талаптарды сактоо;

7.4.3. Директорлор кеңешинин жана анын өзү шайланган комитеттеринин жыйындарына активдүү катышууга;

7.4.4. Директорлор кеңешинин жыйындарына жана анын комитеттерине катыша албаган учурда, бул тууралуу алдын ала себептерин көрсөтүү менен маалымдоо;

7.4.5. күн тартибиндеги маселелер боюнча добуш берүү жолу менен чечимдерди кабыл алууга катышуу;

7.4.6. Банктын жылдык отчеттору, бухгалтердик отчеттору, анын ичинде кирешелер жана чыгашалар жөнүндө отчеттор (пайдалар жана чыгашалар жөнүндө эсептер), финансылык жылдын жыйынтыгы боюнча пайданы бөлүштүрүүнүн, анын ичинде дивиденддерди төлөөнүн тартиби жана Банктын чыгашалары боюнча өзүнүн пикирин билдирүү;

7.4.7. түшүндүрмөлөрдү талап кылуу жана тактоочу суроолорду берүү;

7.4.8. негизделген чечимдерди кабыл алуу, бул үчүн бардык керектүү маалыматтарды (материалдарды) изилдөө, иликтөөлөрдү жүргүзүү жана кабыл алынуучу чечимдерге тиешелүү толук маалыматты Директорлор кеңешинин бардык мүчөлөрүнө жеткирүү;

7.4.9. Директорлор кеңешинин алдын ала жазуу жүзүндөгү макулдугу алынбаса, атаандаш уюмдардын капиталында же башкаруу органдарында катышпоого милдеттүү;

7.4.10. Директорлор кеңешине убагында төмөнкү маалыматтарды жеткирүү:

а. ал кызыкдар болгон Банк пландап жаткан бүтүмдөр жөнүндө маалымат; Ал кызыкдар болгон жана Банк ишке ашырууну пландаштырган бүтүмдөр боюнча маалыматтар;

б. ал 20% жана андан көп добуш берүүчү акцияларга (үлүштөргө, пайларга) ээлик кылган юридикалык жактар жөнүндө маалымат;

в. ал башкаруу органдарында кызмат ордун ээлеген юридикалык жактар жөнүндө маалыматтар;

г. Директорлор кеңешинин мүчөсү болуп иштеген мезгилде Банк менен атаандашкан ишканаларды жана уюмдарды негиздөө же аларга катышуу ниети жөнүндө.

7.4.11. Банктын Директорлор кеңешинин мүчөлөрү жылына кеминде бир жолу Директорлор кеңешине өзүнүн коммерциялык, ишкердик же башка материалдык кызыкчылыктары тууралуу (жеке кызыкчылыктары жөнүндө) жазуу жүзүндө маалымат берүүгө милдеттүү.

7.4.12. Акционерлердин жалпы жыйынынын жана Директорлор кеңешинин чечимдерин талаптагыдай аткаруу;

7.4.13. Улуттук Банктын талаптарына ылайык, жеке маалыматтарындагы өзгөрүүлөр жөнүндө Банкка маалымдоо. Өзгөрүүлөр тууралуу билдирүү мүмкүн болушунча тиешелүү документтердин көчүрмөлөрү менен коштолушу керек (Өзгөрүүлөр катталган күндөн тартып 5 жумуш күндүн ичинде).

7.5. Банкты башкарууда ишти улантуучулукту камсыз кылуу үчүн Директорлор кеңешинин жыйындарына үзгүлтүксүз катышуу зарыл. Директорлор кеңешинин жыйындарына катышуу талаптары:

7.5.1. Директорлор кеңешинин жана комитеттердин мүчөлөрү, эгерде күтүлбөгөн жагдайлар аларга тоскоолдук кылбаса, Директорлор кеңешинин же Комитеттин жыйындарына дайыма катышуу менен компанияга берилгендигин көрсөтүшү керек.

7.5.2. Директорлор кеңешинин мүчөлөрү жыйындарга keминде 75% офлайн катышуусу күтүлөт.
7.5.3. Директорлор кеңешинин жыйындарынын жылдык графиги ар жыл сайын түзүлөт жана бардык мүчөлөргө алдын ала берилет. Эгерде белгиленген күндөр өзгөртүлүшү керек болсо, анда Директорлор кеңешинин мүчөлөрү бул тууралуу алдын ала кабарланат.
7.5.4. Эгерде Директорлор кеңешинин мүчөсү жыйынга катыша албаса, анда ал мүмкүн болушунча эртерээк Директорлор кеңешинин Төрагасына жана Корпоративдик катчыга бул тууралуу билдирүүгө тийиш.

## 8. ДИРЕКТОРЛОР КЕҢЕШИНИН МҮЧӨЛӨРҮНҮН ЖООПКЕРЧИЛИГИ

8.1. Директорлор кеңеши ички чыр-чатактарды, анын ичинде Банктын аткаруучу органдары менен кызматкерлеринин ортосундагы жаңжалдарды алдын алууда, аныктоодо жана жөнгө салууда негизги ролду ойношу керек. Банктын Директорлор кеңеши кызыкчылыктардын кагылышын аныктоо жана алдын алуу боюнча системаны уюштуруу, Банктын ишинин ачык-айкындуулугун камсыз кылуу, маалыматты убагында жана толук жарыялоо, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык акционерлердин Банктын документтерине тоскоолдуксуз жетүүсүн камсыз кылууга жооптуу.

8.2. Директорлор кеңеши Банктын ишмердүүлүгүндөгү тобокелдиктерге ылайык капиталдын адекваттуу деңгээлин кармап туруу үчүн Банкта натыйжалуу баалоо, мониторинг жана контролдоо системаларын түзүү үчүн жоопкерчилик тартат.

8.3. Директорлор кеңешинин жыйындарында кабыл алынган чечимдер үчүн Директорлор кеңешинин ар бир мүчөсү жеке жоопкерчилик тартат. Эгерде Директорлор кеңешинин мүчөсү кабыл алынган чечимдер Банктын финансылык туруктуулугуна жана стабилдүүлүгүнө, ошондой эле аманатчылардын жана башка кредиторлордун мыйзамдуу укуктарына жана кызыкчылыктарына коркунуч туудурат деп эсептесе, ал бул тууралуу Улуттук банкка билдирүүгө милдеттүү.

8.4. Банктын Директорлор кеңешинин мүчөлөрү өздөрүнүн күнөөлүү аракеттери (же аракетсиздиги) аркылуу Банкка жана акционерлерге келтирилген зыян үчүн Банк алдында Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартат. Эгерде Директорлор кеңешинин мүчөсү Банктын зыянга учурашына алып келген чечимге каршы добуш берсе же добуш берүүгө катышпаса, ал зыян үчүн жоопкерчилик тартпайт.

8.5. Директорлор кеңешинин мүчөлөрүнүн жоопкерчилигинин негиздерин жана көлөмүн аныктоодо ишкердик жүгүртүүнүн кадимки шарттары жана иш үчүн мааниси бар башка жагдайлар эске алынууга тийиш. Эгерде жоопкерчиликти бир нече адам тартса, алардын жоопкерчилиги Банктын алдында бирдей болуп эсептелет.

8.6. Директорлор кеңешинин мүчөлөрү Банктын жүргүзгөн саясаты үчүн жоопкерчилик тартат.

## 9. ДИРЕКТОРЛОР КЕҢЕШИНИН МҮЧӨЛӨРҮНӨ СЫЙ АКЫ ТӨЛӨӨ ЖАНА ӨЗ МИЛДЕТТЕРИН АТКАРУУГА БАЙЛАНЫШТУУ ЧЫГЫМДАРДЫ КОМПЕНСАЦИЯЛОО

9.1. Акционерлердин жалпы жыйынынын чечими боюнча, Директорлор кеңешинин мүчөлөрүнө өз милдеттерин аткарган мезгил ичинде сый акы төлөнүшү жана/же Директорлор кеңешинин мүчөсү катары өз функцияларын аткарууга байланыштуу чыгымдары компенсацияланышы мүмкүн. Мындай сый акылар менен компенсациялардын жалпы суммасы акционерлердин жалпы жыйынынын чечими менен аныкталат.

9.2. Директорлор кеңешинин мүчөлөрүнүн сый акысы ар бир мүчөнүн Директорлор кеңешинин ишине жеке катышуусуна жараша болот.

9.3. Акционерлердин жалпы жыйыны Директорлор кеңешинин мүчөлөрүнө өз милдеттерин аткарганы үчүн сый акы жана чыгымдарды компенсациялоо маселесин акционерлердин жалпы жыйынынын күн тартибиндеги өзүнчө маселе катары же финансылык жылдын жыйынтыгы боюнча кирешени бөлүштүрүү тартиби боюнча маселенин курамдык бөлүгү катары карап чыгышы мүмкүн.

9.4. Директорлор кеңешинин мүчөсүнүн жыйынга катышууга байланыштуу чыгымдары тиешелүү чыгымдарды тастыктаган документтерди тапшыргандан кийин компенсацияланат.

## 10. ДИРЕКТОРЛОР КЕҢЕШИНИН КОМИТЕТТЕРИ

10.1. Директорлор кеңеши өз функцияларын аткаруу үчүн комитеттерди жана башка жардамчы эксперттик-консультативдик органдарды түзө алат. Алардын укуктук макамы Директорлор кеңеши тарабынан бекитилген жоболор менен аныкталат. Комитеттер Директорлор кеңешинин компетенциясына кирген маселелерди алдын ала кароо жана сунуштарды иштеп чыгуу үчүн түзүлөт. Комитеттер Банктын башкаруу органдары болуп эсептелбейт жана Директорлор кеңешин алмаштырууга же анын функцияларын аткарууга укугу жок.

10.2. Директорлор кеңеши төмөнкү комитеттерди түзүүгө милдеттүү:

1) Тобокелдиктерди башкаруу комитети – ал банк өзүнө алган тобокелдиктерди башкаруу маселелери боюнча Банк Башкармалыгынын ишин көзөмөлдөөнү камсыз кылат;
2) Аудит боюнча комитет;
3) Дайындоо жана сый акы боюнча комитет.

Мындан тышкары, Банктын ичинде башка комитеттер да түзүлүшү мүмкүн.

10.3. Ар бир комитеттин түзүлүү тартиби жана иштөө эрежелери тиешелүү ички жобо менен жөнгө салынат. Бардык комитеттерди тиешелүү комитеттердин төрагалары жетектешет. Комитеттердин курамы алдын ала каралып жаткан маселелерди ар тараптуу талкуулоо жана ар кандай көз караштарды эске алуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу максатында түзүлүшү сунушталат.

10.4. Директорлор кеңеши түзүлгөн комитеттердин, түзүмдүк бөлүктөрдүн жана Банктын кызмат адамдарынын ишмердүүлүгүн текшерүү үчүн аудиторлорду тартууга укуктуу.

10.5. Директорлор кеңешинин комитеттеринин ишмердүүлүгү Улуттук банктын талаптарына жана Банктын локалдык ченемдик актыларына шайкеш келүүгө тийиш.

## 11. ДИРЕКТОРЛОР КЕҢЕШИНИН ИШИНИН НАТЫЙЖАЛУУЛУГУН БААЛОО

11.1. Директорлор кеңеши Директорлор кеңешинин, анын мүчөлөрүнүн жана Директорлор кеңеши тарабынан түзүлгөн комитеттердин ишинин сапатын баалоону камсыздайт. Директорлор кеңешинин ишинин сапатын баалоонун максаты Директорлор кеңешинин жана анын мүчөлөрүнүн ишинин натыйжалуулугунун даражасын, алардын ишинин Банктын өнүгүү муктаждыктарына шайкештигин, Директорлор кеңешинин ишин активдештирүү жана алардын ишмердүүлүгүн жакшыртууга боло турган багыттарды аныктоо болуп саналат.

11.2. Директорлор кеңешинин, анын мүчөлөрүнүн жана тиешелүү комитеттердин ишин баалоо Директорлор кеңешинин мүчөлөрү тарабынан өз алдынча, үзгүлтүксүз негизде, жылына кеминде бир жолу жүргүзүлөт.

11.3. Өткөрүлгөн өзүн-өзү баалоонун жыйынтыгы боюнча Директорлор кеңешинин Төрагасы Директорлор кеңешинин ишин жакшыртуу боюнча сунуштарды иштеп чыгат.

## 12. КОРУТУНДУ ЖОБОЛОР

12.1. Ушул Жобо акционерлердин жалпы чогулушунда добуш берүүчү акцияларга ээ болгон акционерлердин жөнөкөй көпчүлүк добушу менен бекитилет жана жыл сайын кайра каралып чыгат.

12.2. Эгерде ушул Жобонун айрым пункттары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына же Уставга карама-каршы келген учурда, анын ичинде Кыргыз Республикасынын мыйзамдары өзгөргөндө, анда ушул Жобо Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына, Улуттук банктын ченемдик документтерине жана Банктын Уставына каршы келбеген бөлүгүндө гана иштейт жана мындай өзгөртүүлөргө ылайык келтирилгенге чейин күчүндө болот.

12.3. Ушул Жободо каралбаган Директорлор кеңешинин ишмердүүлүгүнө байланыштуу маселелерге Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарынын жана Банктын Уставынын жоболору колдонулат.

«Компаньон Банкы» ЖАКынын
Директорлор кеңеши жөнүндө Жобосуна
№1 тиркеме

«Компаньон Банкы» ЖАКы

**МААЛЫМАТТАРДЫН**
**АКТУАЛДУУЛУГУН ТАСТЫКТОО**

Ушуну менен мен, ________________________________, «Компаньон Банкы» ЖАКынын Директорлор кеңешинин мүчөсү болуп туруп, Улуттук банкка мурда жөнөтүлгөн Анкета жана документтерде камтылган мен жөнүндө маалыматтар өзгөрбөгөнүн тастыктайм.

«__» _______ 20__ ж.

___________________(___________________________)
(кол тамга) (инициалдар, фамилия)

«Компаньон Банкы» ЖАКынын
Директорлор кеңеши жөнүндө Жобосуна
№2 тиркеме

| **Absentee voting ballot of the meeting of the Board of Directors of KOMPANION BANK CJSC on the agenda issues put to vote**<br><br>**Date: __________** | **«Компаньон Банкы» ЖАКынын Директорлор кеңешинин жыйынынын добуш берүүгө коюлган күн тартибиндеги маселелери боюнча сырттан добуш берүү бюллетени**<br><br>**Күнү __________** |
|---|---|

| **Absentee voting ballot №__**<br><br>Board of Directors member: ______________ | **№__ сырттан добуш берүү бюллетени**<br><br>Директорлор кеңешинин мүчөсү: ______________ |
|---|---|

| Agenda issue №1 - _______________.<br>Draft resolution:_________________. | | | | Күн тартибиндеги №1 маселе __________.<br>Чечимдин долбоору:_________________/ | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Voting options | For | Against | Abstained | Добуш берүүнүн варианттары | Макул | Каршы | Калыс |
| Board member's vote | ____ | | | Директорлор Кеңешинин мүчөсүнүн добуш берүүсү | ____ | | |
| Agenda issue №2 – _______________.<br>Draft resolution:_________________. | | | | Күн тартибиндеги №2 маселе __________.<br>Чечимдин долбоору:_________________/ | | | |
| Voting options | For | Against | Abstained | Добуш берүүнүн варианттары | Макул | Каршы | Калыс |
| Board member's vote | ____ | | | Директорлор Кеңешинин мүчөсүнүн добуш берүүсү | ____ | | |
| Agenda issue №3 - ______________.<br>Draft resolution:_________________. | | | | Күн тартибиндеги №3 маселе __________.<br>Чечимдин долбоору:_________________/ | | | |
| Voting options | For | Against | Abstained | Добуш берүүнүн варианттары | Макул | Каршы | Калыс |
| Board member's vote | ____ | | | Директорлор Кеңешинин мүчөсүнүн добуш берүүсү | ____ | | |
| Agenda issue №4 -_________________.<br>Draft resolution:____________________ | | | | Күн тартибиндеги №4 маселе __________.<br>Чечимдин долбоору: _______________. | | | |
| Voting options | For | Against | Abstained | Добуш берүүнүн варианттары | Макул | Каршы | Калыс |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Board member’s vote | ____ | Директорлор Кеңешинин мүчөсүнүн добуш берүүсү | ____ |

*An unsigned ballot is considered invalid.*

*Кол коюлбаган бюллетень жараксыз деп эсептелет.*

____________________ (signature/колу)

_______________/__________________

Member of the Board of Directors / Директорлор кеңешинин мүчөсү